КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
УЛУТТУК СТАТИСТИКА
КОМИТЕТИ

НАЦИОНАЛЬНЫЙ
СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОМИТЕТ
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

**Б У Й Р У К**

**П Р И К А З**

2024-ж. 22-ноябры № 91 **Бишкек ш.**

**Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети (мындан ары – Улутстатком) жана анын аймактык жана ведомстволук органдары тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, «Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына өткөрүп берүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 токтомуна ылайык, **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Министлер Кабинетинин 2024-жылдын 12-июнундагы № 85 токтому менен бекитилген Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн бирдиктүү реестрине киргизилген Улутстатком тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары, тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүчү статистиканын аймактык жана ведомстволук органдары:

– ушул буйруктун 1-пункту менен каралган мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын жетекчиликке алышсын жана сакташсын;

– мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттарын маалыматтык такталарга жайгаштырышсын.

3. Улутстаткомдун статистиканы уюштуруу жана координациялоо бөлүмү (Г.Б. Ермекбаева.):

– үч иш күндүн ичинде:

расмий жарыяланган күндөн тартып ушул буйруктун көчүрмөсүн мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз түрүндө жана электрондук алып жүрүүчүлөрдө, жарыялоо булагын көрсөтүү менен Кыргыз

Республикасынын Юстиция министрлигине Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн жөнөтсүн;

– буйрук күчүнө кирген күндөн тартып анын көчүрмөсүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн жөнөтсүн;

– ушул буйрукту Улутстаткомдун борбордук аппаратына, аймактык жана ведомстволук органдарына жеткирсин.

4. Жыйынтыктоо иштери, коммуникациялар жана статистикалык маалыматтарды жайылтуу бөлүмү (Ч.С. Турдубаева) ушул буйрукту Улутстаткомдун расмий сайтына жарыялоону камсыз кылсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Улутстаткомдун төрагасынын биринчи орун басары Н.К. Керималиевага жүктөлсүн.

6. Бул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети жумушчу күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Төрага** **Б.Ж. Кудайбергенов**

« Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
тарабынан көрсөтүлүүчү мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн
стандарттарын бекитүү жөнүндө»Кыргыз Республикасынын Улуттук
статистика комитетинин буйругунун долбооруна
**макулдашуу барагы**

| | |
|---|---|
| Төраганын биринчи орун басары | Н.К. Керималиева |
| Төраганын орун басары | Б.К. Шокенов |
| Төраганын орун басары | З.К. Жумалиев |
| Аппараттын жетекчиси | Э.Н. Алымкулова |
| Адам ресурстары, регламент жана административдик иштер башкармалыгынын начальниги | А.К. Султанбаева |
| Укуктук экспертиза секторунун башчысы | А.С. Текинова |

Статистиканы уюштуруу жана координациялоо бөлүмү

Бөлүм башчы Г.Б. Ермекбаева